**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН**
**VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН** кезектеги **XV СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**12-февраль 2026-жыл** **№ 5** **Октябрь айылы**

Багыш айыл аймагынын Октябрь
айылынын атын өзгөртүүгө макулдук
берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы № 149 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Административдик-аймактык түзүлүш жана географиялык аталыштар маселелерин кароо боюнча ведомстволор аралык комиссия жөнүндө” токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы географиялык объекттерди атоо, кайра атоо, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоо тартиби жөнүндө Жобосу негиздеп, Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдан 03-февралындагы №01-15/17 сандуу «Октябрь айылынын тургундарынан “Октябрь” айылынын атын “Достук” айылы деп өзгөртүп берүү жөнүндө» кайрылуусун, Багыш айылдык кеңешинин Социалдык, коомдук жана эл аралык уюмдар менен байланыш туруктуу комиссиянын сунушунун негизинде, Багыш айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Багыш айыл аймагынын «Октябрь» айылынын атын «Достук» айылы деп өзгөртүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Түгөйбековго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

4.Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**